государственная поддержка этих и возникших новых направлений музыкальной культуры должна опираться на взвешенный анализ культурного строительства. Такой анализ необходим для развития кыргызской музыкальной культуры в новой системе координат, в единстве музыковедческих, философских и социологических подходов. Этот анализ позволит не только осознать процессы стихийно продолжающихся и вновь возникающих направлений, но и даст возможность осмысленного выбора путей дальнейшего развития нашей культуры.

Таким образом, перед современным кыргызским музыкознанием стоит сложная задача осмысления современного и культурно-исторического опыта, поскольку только оно может дать возможность выработки планов дальнейшего развития, которые наука сможет предложить в качестве государственной программы. В период постперестроичных времен главное внимание было обращено на выработку приоритетов в области экономики и политики. Наступает время осознания приоритетов в культурной политике и усиления государственного воздействия на её развитие.

**Список использованной литературы:**


1. Дюшалиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы. Бишкек, 2007.
2. Дюшалиев К.Ш. Лузанов Е.С.Кыргызское народное музыкальное творчество.Фонд-Сорос_Кыргызстан, 1998.
3. Беляева-Экземплярская. Структура мелодии. М., 1929.
4. Дьячкова Л.С. Мелодика. Учебное пособие по курсу «Мелодика». М: ГМПИ, 1985.



УДК:781
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-313-318



**Турумбекова Мунара Аликовна**
И. Арабаев атындагы КМУ, музыка кафедрасы, ага окутуучу
**Турумбековой Мунара Аликовна**
КМУ им. И.Арабаева, кафедра музыки, преподаватель
**Turumbekova Munara Alikovna**
KSU named after I. Arabaev, department of Music, Senior Lecturer


# БАЙЫРТАДАН ЧЕРТИЛИП КЕЛЕ ЖАТКАН КЫРГЫЗ КОМУЗУ ЖАНА ЗАЛКАР КОМУЗЧУЛАР
# С ДРЕВНОСТИ ИГРАВШИЙ КЫРГЫЗСКИЙ КОМУЗ И ВЕЛИКИЕ КОМУЗИСТЫ
# PLAYING THE KYRGYZ KOMUZ SINCE ANCIENT TIMES AND THE GREAT KOMUZ PLAYERS


**Аннотация:** Байыртадан чертилип келе жаткан кыргыз комузу жана залкар комузчулар, кыргыз элинин улуттук музыкасынын программалуу жана программасыз болуп айырмалануусу комузда күүлөрдүн маңыздуулугу ошол жанрдын кеңири- өнүккөндүгүн нукура улуттук комузду жогорку деңгээлге жеткендигин далилдейт.

**Аннотация:** Кыргызская народная инструментальная музыка с программой и без программы отличается в том что, значение мелодии комуза и ее обширный жанр – доказывает развивитие реальной национальной, вышей музыки.

**Abstract:** Differences between Kyrgyz national, instrumental music programming and without ][programming means that komuz melody and her extensive genre- can prove development real national, great music**.**

**Негизги сөздөр:** Залкар күүлөр, обондор, салт күүлөр.

**Ключевые слова:** Мелодийная музыка комуза , традиционная музыка, эффектная музыка комуза.

**Keywords:** Komuz melody, traditional melody showy komuz melody.

Кыргыз эли башкача айтканда элдик талантары музыкалык аспаптардан бөтөнчө комуз аспабын кеңири пайдаланып келген. Анткени түзүлүш жагынан да добуш жагынан да музыкалык диапозон жагынан да башка аспаптардан өзгөчөлүгү жогору десек болот.

Кыргыз элинин тарыхый доорунда калыптанып өсүп - өнүккөн улуттук комуз аспабына кайрылалы. Байырдандан чертилип келе жаткан кыргыз комузу жана залкар комузчуларга кайрылсак. Ар бир кыргыз баласы комуз аспабын билүү керек, анын ичинен залкар комузчуларды дага билүу зарыл. Комуз сабагы боюнча балдар комуз аспабын үйрөнө алышат. Комуз аспабы боюнча биринчи класстан баштап бардык класска комуз кружогун киргизүгө зарыл.

Камбаркандан баштап кийинки калыптанган Залкар коузчулар, Музооке, Малабай, андан кийин Ниязаалы, Токтогул, Муратаалы. Алардын өлбөс өчпөс өнөрлөрүн. Өчпөс мурастарын Кара-молдо, Ыбрай, Чалагыз, Атай, Асаналы, Шекербектер улады.

Өлкөбүздө өсүп келе жаткан жаш муундарды эстетикалык жактан тарбия берүүгө жана ар тараптуу, гармониялуу өсүшүнө камкордук көрүүгө чоң маани берилет. Алгачкы жалпы музыкалык тарбияны балдар бакчасынан баштап, кийин музыкага кызыккан балдар мектептерде комуз сабагын катышып үйрөнө алат.

Мугалимдин кеңири милдеттери – окуу процессинде окуучуга музыка маданиятынын идеалдык жана көркөмдүк негиздери боюнча түшүнүк берүү. Кыргыз элинин комуз аспаптык музыкасын баардык окуучулар билип жүрүүгө тийиш, ошон үчүн мектептерге комуз сабагы эң керектүү болуп эсептелет [2].

Аталган залкарлардын таланттарынын ойгонуна музыкалык сезимдеринин өркүндөшүнө элдик чыгармалар, ар кыл талаттардын чыгармалары соолбос булак болгон десек болот. Мисалы; “Ботойлордун”, “Камбаркандардын”, “Шыңгырамалардын”, “Кербездердин”.ж.б.

Комузчулардын арасында бирин- бири өнөрүн ээрчип жүрүп үйрөнүү салты да кеңири өнүккөн. Алардын комуз чертүү ыкмаларын, штрихтерин өз көздөрү менен көтөрүп көнүлдөрүн кандырышкан.

Ийгиликтүү сабак өтүүнүн дагы бир өбөлгөсү комуздан сабак берген мугалимдик кесиптик устаттыкы. Чыгармачылык ишкердүүлүгү жана алдыңкы прогрессивдүү методдору сабакта колдонуу билүүсү болуп саналат. Бардык эле окуучуга бирдей методдорду колдоно бербейт. Анда мугалим окуучунун кулк – мүнөзүн өзгөчөлүгүн, аң- сезимин өөрчүүсүн, музыкага болгон шыгынын деңгээлинин ар- тараптуу жана терең иликтөөсү зарыл.

Жогорудагы талаптардын негизинен тышкары окуучунун аткаруучулук өсүүсүнүн негизги шарттарынын бири үзгүлтүксүз күндө көнүгүү. Ансыз мугалимдин бардык күч

аракети текке кетет. Ошондуктан мугалим окуучуну тапшырманын үстүндө өз алдынча иштөө учурунда убакыттын рационалдуу колдоно билүүгө үйрөтүүсү зарыл.

Элдик аспап комузда күү деп аталуучу жанрда чагылдырылып, кыргыз элинин тарыхы, маданияты, үрп – адаты салт – санаасы оозеки чыгармачылыктын бардык жанрлары, формалары менен байланышып, өсүп - өнүккөн чыгармачылыктын бир тармагы болуп саналат.

Мектептерде алгач комуз сабагы боюнча кербездерден башталат, Кыргыз элдик аспаптык музыкасынын программалуусу күүлөрдүн маңыздуулугу, техникалык ийкемдүүлүгү, образдын конкреттүүлүгү ошол жанрдын кеңири өсүп - өнүккөндүгүнүн нукура улуттук музыканын жогорку деңгээлге жеткендигин далилдейт [1].

Комуз күүлөрү тема өнүктүрүү принцибине негизделген. Комузчулар дагы бир өзгөчө артыкчылык бир эле күүдөн бир нече варианттарды жаратат. Алар ар күүнү бирде узартып, бирде кыскартып, айрым көркөм интонацияларды кошуп белгилерин так өзгөртүп чертишет. Ошол учурда комузчу таптакыр жаңы жардамчы обондорду табат, бирок аны менен ал негизги теманы жоготпостон, “алтын өзөк” катары пайдаланат. Ошентип күү вариатциалык жана мотивдик өөрчүүчү принцибине негизделген.

Комуз күүлөрү жанрдык өзгөчөлүктөрү обон, залкар, классикалык, мүнөздүү күүлөр болуп бөлүнөт. Мындан башка күүлөр мазмундарына, аткарылышын, темаларына жараша бөлүнүп кетет.

Элдик аткаруучулар, комузчулар, жамакчылар: муундан мунга өсүп- өнүгүнүн аркасында бир -топ элдик таланттар популярдуу болуп өсө башташты. Алардын арасындааткаруучу, ырчы-обончулар “Мыскал, Муса, Атай, Шекербек, Шаршен, Жүмамүдүн, ж.б. көптөгөн эл шайырлары суурулуп белгилүү боло башташты ошолорду жараткан, ырдаган “Ой булбул”, “Кантың бар”, “Күйдүм чок”, “Эсимде”, “Түшүмдө”, “Алымкан”, “Жибек чач”.ж.б.

Сабактын максаты: «Сабакта үйрөтүүчү күүнү окуучуга тааныштыруу». Биринчи сабака келген окуучуну отурганга, комузду туура кармаганга үйрөтүү. Комуз менен тааныштыруу керек, музыкага, кууга болгон кызыгуусун ойготуу.

Мектептерде комуз сабагы тарбиялоодо кесиптин сабактан берген мугалимдин окуучуга болгон таасири өтө чоң. Ал окуучунун кесибин өнүгүүсүн туура жолго багыштайт.

Комуз күүлөрү өнүктүрүү принцибине негизделген. Комузчулар дагы бир өзгөчө артыкчылык бир эле күүдөн бир нече варианттарды жаратат. Алар ар күүнү бирде узартып, бирде кыскартып, айрым көркөм интонацияларды кошуп белгилерин так өзгөртүп чертишет.

Мектептерде комуз сабак күүлөрү жанрдык өзгөчөлүктөрү обон, залкар, классикалык, мүнөздүү күүлөр болуп бөлүнөт. Мындан башка күүлөр мазмундарына, аткарылышын, темаларына жараша бөлүнүп кетет.

Комуз күүлөрүндө адамдардын жаратылышка болгон сүйүүсүн, эрдиги, эмгекчилдиги, бак - таалайлуу заманда эңсеген тилеги, кайгы – капасы, каада – салты, ой-санаасы, мүнөзү, асыл касиети камтылган. Комуз музыкасы башка элдик аспаптарыбыздын музыкасына караганда саны, сапаты, түрү, күүлөнүшү боюнча темаларды өнүктүрүшү боюнча ыкмалар менен штрихтерге байлыгы менен айырмаланат. Комуз күүлөрү аспаптык чыгармалар сыяктуу тема өнүктүрүү принцибине негизделген жанры боюнча шарт топко бөлүнөт. Залкар күүлөрдүн жаралышына, өнүгүшүнө бирден – бир данек болгон. Эгерде мындай көрүнүш систематикалык түрдө кайталана берсе, анда комузда ойноодон окуучунун көңүлү калат. Бирок, кээ бир учурларда окуучуга татаал түзүлүш боюнча татаал

чыгармаларды берүү дагы практикада кездешет. Башкача айтканда өз классынан программасын өз учурунан мурда аткарган зээндүү, таланттуу балдарга келерки класстын программасынан берүүгө болот.

Мектептерде комуз сабагы музыкасындагы эң башкы, эң негизги жанр бул күүлөрдө Кербезим күүлөрдө бөтөнчө темаларды ар түркүн добушта түрлөнтө өнүктүрүү кеңири өскөн. Булардагы негизги өзгөчөлүк – аткарылып жатканда араларына ыр же сөз кошулбайт. Кеп мындай чыгармаларды жөн гана жаттатып ойнотууда эмес ийримчииннни бул чыгармаларды автордук философиялык терең оюн чагылдырылып, идеалдык мазмунун түшүнүп аткарып берүү деңгээлинин али жетишсиздигинде. Ошол себептен программага жана репертуардык тизмектерге ийриминин аткаруучулук деңгээлине чыгармалар киргилди.

Күүлөр элдик ырлардын обондорунун негизинде жаралган. Алар ар бир музыканттын бай кыялдануусунун натыйжасында классикалык деңгээлде, өсүп жеткен. Ийгиликтүү сабак өтүүнүн дагы бир өбөлгөсү комуздан сабак берген мугалимдик кесиптик устаттыкы. Чыгармачылык ишкердүүлүгү жана алдыңкы прогрессивдүү методдору сабакта колдонуу билүүсү болуп саналат. Бардык эле окуучуга бирдей методдорду колдоно бербейт. Анда мугалим окуучунун кулк – мүнөзүн өзгөчөлүгүн, аң- сезимин өөрчүүсүн, музыкага болгон шыгынын деңгээлинин ар- тараптуу жана терең иликтөөсү зарыл [3].

Мектептерде тарбия берүүнүн эң алгачкы сабактарынан баштап мугалим окуучуну чыгарманын мүнөзүн, стилин түшүнүүгө көмөктөшөт. Өз алдынча чыгарманын үстүндө ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, апликатурасын туура өздөштүрүүгө чоң көңүл бурат.

Ар бир жарым жылдыктын аягында окуу процессинде болгон өзгөрүүлөрдү мугалим индивидуалдык планга киргизет. Окуу жылынын аягында бул планга мугалим окуучунун ишкердүүлүгүн, жетишүүсүн, музыкага болгон жөндөмдүүлүгүн, сабакка кылган мамилесин, кулк мүнөзүн сүрөттөп мүнөздөп жазат. Жаш муундарга эстетикалык тарбия берүүдө музыка эң маанилүү ролду ойнойт. Алардын аң сезимин. Кабылдоосун ар тараптуу өсүшүнө көмөк берет.

Элибиздеги музыкалык аспаптардын эң эзелкиси, угуучулар арасына эң кеңири тараганы үч кылдуу комуз болуп эсептелинет. Ал түзүлүшү жагынан кылдуу чертме аспаптардын тобуна кирет. Анын үнү мукам, назик. Комуз өрүк, алмурут, жапайы жыгачтардан – карагай, арча, талдардан чабылган.

Элдик аспап комуз- күү деп аталуучу жанрда чагылдырылып, кыргыз элинин тарыхы, маданияты, үрп – адаты салт – санаасы оозеки чыгармачылыктын бардык жанрлары, формалары менен байланышып, өсүп - өнүккөн чыгармачылыктын бир тармагы болуп саналат.

Ийрим өтүлүүчү бөлүмдө проигрыватель, класстык магнитофон, ошону менен бирге элдик чеберлердин аткаруусундагы чыгармалар жазылган табактар, классталык лекталар жана фортепиано аспабынын болушу зарыл. Ар түрдүү чыгармаларда кандай музыкалык жолугуучу ойноо ыкмаларынын ар – бирин өз алдынча өздөштүрүү зарыл. Бул ыкма толук өздөштүрүлгөндөн кийин гана экинчи ыкмага өтүү талапка ылайык. Ушул эрежени сактабоонун натыйжасында практикада мугалимдер бир катар жаңылышууларга дуушар болушат.Обон күүлөрдөгү дагы бир өзгөчөлүк алар абалкы жана азыркы айтым, залкар күүлөрдүн жаралышына, өнүгүшүнө бирден – бир данек болгон. Ийримдин расписаниеси жалпы билим берүү мектеринин расписаниясы менен келишимде болуп, алардын күн тартибин бузбоого тийиш.

Ушундан улам эл арасында: “Күү тарыхы- элдин тарыхы”, - деген акылман сөз айтылып калган. Ал эми заманыбыздын улуу комузчу Карамолдо болсо: “Ар бир күүмдүн айтып болгус тарыхы бар. Алар бир нерсеге багышталып чертилет”, - деп бекеринен айткан эмес.

Музыкадан ийгиликтүү сабак өтүү үчүн жогорудагылардан тышкары психология, жалпы жана музыкалык педагогика илиминин негиздерин билүү чоң мааниге ээ. Ушулардын негизинде гана ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүнө ылайыктуу сабактын планы болот [4].

Ийгиликтүү сабак өтүүнүн дагы бир өбөлгөсү комуздан сабак берген мугалимдик кесиптик устаттыкы. Чыгармачылык ишкердүүлүгү жана алдыңкы прогрессивдүү методдору сабакта колдонуу билүүсү болуп саналат. Бардык эле окуучуга бирдей методдорду колдоно бербейт. Анда мугалим окуучунун кулк – мүнөзүн өзгөчөлүгүн, аң- сезимин өөрчүүсүн, музыкага болгон шыгынын деңгээлинин ар- тараптуу жана терең иликтөөсү зарыл.

Жогорудагы талаптардын негизинен тышкары окуучунун аткаруучулук өсүүсүнүн негизги шарттарынын бири үзгүлтүксүз күндө көнүгүү. Ансыз мугалимдин бардык күч аракети текке кетет. Ошондуктан мугалим окуучуну тапшырманын үстүндө өз алдынча иштөө учурунда убакыттын рационалдуу колдоно билүүгө үйрөтүүсү зарыл.

Мындан тышкары, окуучу менен мугалимдин ортосунда туура мамиле окуучуну тарбиялоодо эң эффективдүү каражаттардын бири. Мындай тартиптин негизинде – сабактын убагында баштоо, тапшырманын аткарыл ышына бекем сурак коюуу, күндөлүктү өз убагында толтуруу, ошондой эле мугалимдин жүрүш- туруш жана маектешүү маданиятынын жогор улугу турат.

Окуучуга залкар комузчуларды угузуп туруш керек, музыкалык тарбия берүүнүн эң алгачкы сабактарынан баштап мугалим окуучуну чыгарманын мүнөзүн, стилин түшүнүүгө көмөктөшөт. Өз алдынча чыгарманын үстүндө ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, апликатурасын туура өздөштүрүүгө чоң көңүл бурат. Анткени аплекатура аткаруучунун техникалык жактан өнүгүүсүнүн түздөн – түз таасирин тийгизет. Ошону менен катар чыгармада кандай музыкалык терминдер жолукса алар менен тааныштырат. Ар түрдүү чыгармаларда кандай музыкалык жолугуучу ойноо ыкмаларынын ар – бирин өз алдынча өздөштүрүү зарыл. Бул ыкма толук өздөштүрүлгөндөн кийин гана экинчи ыкмага өтүү талапка ылайык. Ушул эрежени сактабоонун натыйжасында практикада мугалимдер бир катар жаңылышууларга дуушар болушат.

Ал эми окуучуга чыгарма репертуар тандап берүү дагы өзгөчө мамилени талап кылат. Чыгарманы тандоодо эң негизги- окуучунун өздүк өзгөчөлүгүн, мүмкүнчүлүгүн шартык эске алуу өтө зарыл, ошону менен бирге чыгармаларды бара – бара таталдаштыруу принцибин сактап окуучунун кесиптик өсүүсүнө шарт түзүү керек. Окуучунун мүмкүнчүлүгүнөн жогорку татаалдык жагы чыгармаларды берүүгө жол берилбейт. Анткени мындай методика чыгарманы чала даярдоого алып келет да, аткаруу учурунда окуучу иренжүүгө дуушар болушу мүмкүн. Эгерде мындай көрүнүш систематикалык түрдө кайталана берсе, анда комузда ойноодон окуучунун көңүлү калат. Бирок, кээ бир учурларда окуучуга татаал түзүлүш боюнча татаал чыгармаларды берүү дагы практикада кездешет. Башкача айтканда өз классынан программасын өз учурунан мурда аткарган зээндүү, таланттуу балдарга келерки класстын программасынан берүүгө болот.

Мектептерде комуз сабагы ийримде өспүрүмдөр эстетикалык тарбия берүү менен катар музыкалык сезимин кеңейтет, ага болгон сүйүүсүн кызыгуусун арттырат, музыка

дүйнөсү менен кеңири таанышууга жана чыгармачылык менен иштөөгө мүмкүнчүлүк алышып, өз алдынча ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүшөт.

Болжолдуу программалар жана репертуардык тизмектер негизинен балдар үчүн чыгармалардан, обондордон, термелерден дастандардан, күүлөрдөн турат. Алар аткаруу ыкмаларын татаалдыктарына жараша тиешелүү окуу жылдарына бөлүштүрүлдү.

Ал эми элдик күүлөрдөн классикага айланып калган “Маш камбаркан”, “Эрке сары”, “Эрке кыз”, “Көкөй кести”, “Саринжи Бөкөй”, “Камбаркан”, “Шыңгырама” сыяктуу күлөрдү атай кетсек болот.Аларды атасак белгилүү төмөнкү күүлөрдү жаратуу менен Ниязаалы, Сары Барпы “Кер толго” күүсү менен, Карамолдо “Шыңгырама”, “Сынган бугу”, “Ибарат”, “Камбаркан”, “Тогуз кайрык”ж.б.

Мектептерде комуз аспабы Кыргыз элинин аспаптык музыкасынын программасын күүлөрдүн маңыздуулугун, техникалык ийкемдүүлүгүн, образдын конкреттүүлүгүн ошол жанрдын кеңири өсүп - өнүккөндүгүнүн нукура улуттук музыканын жогорку деңгээлге жеткендигин далилдейт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. А.В.Затаевич “Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору” 34-36 б. [1].
2. Б. Алагушов Кыргыз музыкалык аспаптары. Ф.; – 1974. – 59 б. [2].
3. В. Виноградов. Киргизская народная музыка Фрунзе.,1958–22 б. [3].
4. Ч. Исабаев. Комуздун тандалма күүлөрү Фрунзе,1987ж. 47-49[4].